Дүйнөлүк “Эне тили” күнүнө карата Баткен мамлекеттик университетинин Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультетинин Филологиялык билим берүү кафедрасында уюштурулган иш-чаралар боюнча кафедра башчы Көкчөева Сапаргүл Акматалиевнанын

маалыматы

Дүйнөлүк Эне тили күнүнө карата Баткен мамлекеттик университетинин Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультетинин Филологиялык билим берүү кафедрасында бир жумалык иш-чара уюштурулду. Бул күн 1999-жылы ЮНЕСКО тарабынан “БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮ” деп жарыяланган.Атайын иш-чаралардын планы иштелип чыгып, анын негизинде жумалык болуп өттү.

а) Бир жумалык өткөрүлүүчү иш-чаранын программасы

Жумалыкты уюштуруунун максаты:

-Мамлекеттик тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү;

- Ар бир тилдин тазалыгын, тактыгын сактоого үндөө;

- Улуттук баалуулуктарды жайылтуу;

- Кеп маданиятын өркүндөтүүгө багыттоо;

- Жаш муунду мекенчилдикке тарбиялоо;

- Коомчулукту сабаттуулукка үндөө;

- Улуттар аралык достукту бекемдөө.

21-февралдан баштап түзүлгөн иш планга ылайык, Эл аралык Эне тил күнүнө карата уюштурулган жумалыкта кафедранын окутуучулары жана студенттери тарабынан уюштурулган бий-флешмоб (б), интелектуалдык викторина (в), тегерек стол, лекция (г), оюн-сабак (д) жана башка иш-чаралар (е,е,ж) болуп өттү.

Жуманын биринчи күнү эрте менен англис тили, орус тили адистигиндеги студенттер бий-флешмоб уюштуруп, университет алдында шаңдуу музыка үнү жаңырып турду. Ошондой эле таттууларга орус, англис жана кыргыз тилдеринде жакшы каалоо тилектер жазылып, жумушка келген окутуучуларга жана студенттерге таркатылып көңүлдүү маанай тартууланды.

б) Студенттер бийлешти (бий-флешмоб).

21-февраль күнү кафедранын окутуучусу Улукбүбү Насиридинова англис тили адистигинде окуган студенттерге бүгүнкү күндүн талабына ылайык заманбап “Kahoot” программасы аркылуу сабак өттү. Сабак аябай кызыктуу жана мыкты деңгээлде өттү. Жыйынтыгында эң көп суроого жооп берүү менен 17978 бал топтоп Казнабекова Гулниза биринчи орунду ээледи. Ал эми 17839 бал топтоп Мамажанова Сарвинозбегим экинчи орунду ээледи. Үчүнчү орунду 15930 бал топтоп Исманова Шахинабону аттуу студентибиз алды.

в) Интелектуалдык викторина

21-февраль Бүткүл дүйнөлүк эне тили күнүнө карата “Эл аралык эне тил күнү” деген темада кафедра башчы С.Көкчөева лекция окуп,“Улуттун улуулугу-тилинде” деген

темада тегерек стол уюштурду. Студенттер менен кеңири баарлашып, эне тилибизди мурас катары ыйык сактоого үгүттөдү.

г) Тегерек стол, лекция.

Кафедранын ага окутуучусу Г.Абдыракманова “Teaching grammar through gamts” деген темада оюн аралаштыруу менен ачык сабак өттү.Сабак учурунда интерактивдүү усулдарды колдонуу менен студенттерге кызыктуу жана пайдалуу сабак өттү.

д) Ачык сабактар өтүлдү.

Иш-чара студенттер тарабынан даярдалган ар улуттун тилин даңазалаган сахналык көрүнүштөрдү аткаруу менен коштолуп, катышуучулар өз өнөрлөрүн, актердук чеберчиликтерин көрсөтүштү. Иш-чараны Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультетинин деканы, п.и.к., профессор М.Д. Айдарова ачып берди. Андан соң, БатМУнун Мамлекеттик тил боюнча проректору, ф.и.к.,доцент А.Ш.Мурзалиева куттуктоо сөз сүйлөп, эне тилдин сакталуусуна, өсүп-өнүгүүсүнө ар бир жаран милдеттүү экендигин белгилеп кетти.

е) Сахналаштырылган көрүнүштөр

Өткөрүлүп жаткан жумалыктын алкагында Орус элинин салттуу майрамы “Масленица” белгиленди. Анда кафедранын окутуучусу К.Садированын жетекчилигинде Р-1-21 тайпасынын студенттери Орус элине мүнөздүү ыр-бийлерди аткарып, улуттук даамдарынан катышуучуларга ооз тийгизди.

е) Орустардын улуттук майрамы “Масленица” белгиленди

25-февраль күнү студенттер тарабынан чоң иш-чара болду. Анда ыр-бийлер жаңырып, ар түрдүү улуттардын улуттук тамактарынын көргөзмөсү болду. Соңунда жумалыкка активдүү катышкан студенттерге дипломдор берилип, акчалай сыйлыктар тапшырылды.

ж) Жумалыктын жыйынтыктоочу иш-чарасы

Ата мурас, улуу биздин тилибиз,

Эне мурас ыйык биздин дилибиз.

Тил барында кылымдарды карытып,

Тил барында жашайт кыргыз элибиз.

Филологиялык билим берүү кафедрасынын окутуучулары: Насиридинова Улукбүбү Кочкоровна жана Абдыракманова Гүлсүн Маматовна коомдук иш-чараларда активдүү катышкандыгын жана ачык сабактарды өтүүдө учурдун талабына жараша жаңы технологияларды колдонуу менен жогорку деңгээлде сабактарды өткөндүгүн баса белгилейм.